Автор: Administrator
13.11.2013 08:26 - Обновлено 14.11.2013 04:02




2013-жылдын 24-сентябрында Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Эргеш Алиев атындагы Академиясында Мамлекеттик тилдин 24 жылдыгына карата Кыргыз Республикасынын ИИМдин Академиясынын №343 “Мамлекеттик тил кvнvн белгилоо” жонvндо буйруктун негизинде Тарбиялык иштер жана социалдык коргоо болvмv жана Тилге даярдык кафедрасы тарабынан “Эне тилим – эне сvтvм” аттуу чакан майрамдык кече уюштурулду.

Иш-чарага Академиянын башчысы Жениш Джакипов баш болгон жалпы оздvк курам катышышты. Оз кезегинде башчы жалпы кесиптештерин куттуктап, бул майрамдын мааниси чон экенин, жана Академияда иш кагаздары кыргызча жvргvзvло баштаганын айтты. Чакырылыган коноктордон Кыргыз Республикасынын «Кыргыз тили» коомунун вице-президенти Бейшенбек Иманалиев катышып, Академияда кыргыз тилин онvктvрvvго кубануу менен салымын кошоорун жана “Кыргыз тили жана маданияты” гезитин бекер берип туруугa дагы даяр экенин айтып кубантты.

Ал эми токмо акын Азамат Болгонбаев комуздун коштоосунда каалоо тилектерин арнады.

Улуттук майрамдын урматына арналган концертти Академиянын офицерлери жана курсанттары даярдашты. Мамлекеттик тил гимни менен ачылган концертте буга чейин олкобvздо боло элек, тобу (хором) менен “Манас” эпосунан vзvндv айтылып, курсант кыздар Каныкейдин кошогун кошушту. Тилге арналган, патриотттук ыр-бийлер

аткарылып, заманбап улуттук ийимдердин коргозмосv (модасы) болуп, комузда кvvлор ойнолду.

Быйылкы Кыргыз тили кvнvно карата атайы иш пландын негизинде “Манасчылар” ийрими тvзvлдv. Албетте буга Тилге даярдык кафедрасынын доценти, милициянын полковниги Чынаргvл Кадырованын салымы чон экенин айтып кетпесек болбойт.

Мындан сырткары майрамга карата тил жумалыгы жарыяланып, дубал гезиттердин сынагы уюштурулду.

ИИМдин Академиясынын басма-соз кызматы




